DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Сатарбаев А.М.*

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН «БУЗУУЛАР ЖӨНҮНДӨГҮ КОДЕКСИН» КОЛДОНУУДАГЫ КӨЙГӨЙЛҮҮ МАСЕЛЕЛЕР

*Сатарбаев А.М.*

# ПРОБЛЕМНЫЕ ВОПРОСЫ В ПРИМЕНЕНИИ НА ПРАКТИКЕ «КОДЕКСА О НАРУШЕНИЯХ» КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

*A.M. Satarbaev*

# PROBLEMATIC ISSUES IN PRACTICAL APPLICATION «CODE OF VIOLATIONS» OF THE KYRGYZ REPUBLIC

*УДК: 34.342*

*Макалада, мамлекеттеги коомдук мамилелерди жөнгө салууда акыркы мезгилдеги кабыл алынган жаңы мыйзамдык-ченемдик актылар жана андагы, мыйзамдуу деп эсептелинген, инсандын укуктарын, эркиндиктерин жана кызыкчылыктарын, юридикалык жактардын кызыкчылыктарын, коомдук жана мамлекеттик кызыкчылыктарды коргоону, коомдук башкаруу тартибин укукка каршы кол салуулардан коргоону укуктук жактан камсыз кылууну орнотууну камсыз кылуу үчүн бузуулар жоопкерчилигин орнотту. Бул Кыргыз Республикасынын "Бузуулар жөнүндө"кодекси жана ушул кодекстин турмушка ашыруудагы көйгөйлөр жөнүндө. Мамлекеттик агентиктин Жобосуна ылайык Комиссия жыл сайын 15-январдан кеч эмес өткөн жылда аткарган иштери боюнча жергиликтүү кеңештин депуттатарына отчет берүүгө тийиш. Административдик жол жоболорду жүзөгө ашыруу өз ара байланышкан үч баскычтардан турат, жол жобону козгоодон, кароодон жана аяктоодон турат.*

***Негизги сөздөр:*** *мамлекет, коомдук маилелер, жөнгө салуу, бузуулар, кодекс, өзгөчө бөлүк, жоопкерчилик, процесстик бөлүгү, жобо.*

*Статья содержит содержание новых законодательных правовых актов, принятых в последнее время для регулирования в государстве общественных отношений и правовое обеспечение охраны прав, свобод и интересов личности, интересов юридических лиц, общественных и государственных интересов, порядка публичного управления от противоправных посягательств для обеспеяения законности и был принят кодекс Кыргызской Республики о нарушениях. Для осуществления и практического приминение нового кодеска о нарушениях с государственным агенством было разработано положение, в котором четко прописаны как создается комиссии по этому направлению и это комиссия каждый год не позднее 15 января должен отчитываться о проделанной работе перед депутатами местных кенешей. Административная процедура состоит из взаимосвязанных стадий: возбуждения, рассмотрения и завершения процедуры.*

***Ключевые слова:*** *государство, общественные вопросы, регулирование, нарушения, кодекс, особенная часть, ответственность, процессуальная часть, положение.*

*The article contains the content of new legislative legal acts adopted recently to regulate public relations in the state and legal support for the protection of the rights, freedoms and interests of individuals, the interests of legal entities, public and state interests, the order of public administration from unlawful encroachments to ensure the rule of law and was the Code of the Kyrgyz Republic on violations was adopted. For the implementation and practical application of the new code of violations with the state agency, a provision was developed in which it is clearly spelled out how to create commissions in this area, and this commission must report on the work done to the deputies of local keneshes every year no later than January 15. The administrative procedure consists of interrelated stages: initiation, consideration and completion of the procedure.*

***Key words:*** *state, public affairs, regulation, violations, code, special part, responsibility, procedural part, position.*

Мамлекетибиздеги коомдук мамилелерди жөнгө салууда акыркы мезгилдеги кабыл алынган жаңы мыйзамдык-ченемдик актылар жана андагы, мыйзамдуу деп эсептелинген, инсандын укуктарын, эркиндиктерин жана кызыкчылыктарын, юридикалык жактардын кызыкчылыктарын, коомдук жана мамлекеттик кызыкчылыктарды коргоону, коомдук башкаруу тартибин укукка каршы кол салуулардан коргоону укуктук жактан камсыз кылууну орнотууну камсыз кылуу үчүн бузуулар жоопкерчилигин орнотту. Бул Кыргыз Республикасынын "Бузуулар жөнүндө" кодекси болуп саналат [1]. Жаңы кодекс жалпы учурдагы кылмыш-укуктук реформалардагы кылмыш-жаза жоопкерчилигин диференцациялоо менен жаңы кылмыш жорук жоопкерчилигин орнотуу менен коштолуп, мамлекетибиздеги ушул тармактагы жаңыланууга карата кабыл алган мыйзамдардын жыйнагын түзөт.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Жалпы кабыл алынган эрежелердин негизинде мамлекетте бекем коомдук тартипти орнотпой туруп укуктуу мамлекетти курууга мүмкүн эместигин эске алганда жана коомду гумандаштыруу принциптердин негизинде жазык укуктук өзгөрүүлөр Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндөгү кодексин кабыл алуу болуп эсептелинет. Бул жазык-укуктук циклдарындагы жазык кодекси, жоруктар жөнүндөгү кодекстерди [2] ар тараптан толуктап турган мыйзамдардын бири болуп эсептелинет. Кодекстин тутуму жалпы бөлүктөн, өзгөчө бөлүктөн жана процесстик бөлүктөн туруп 10 бөлүмдөн, 48 главадан (баптан) жана 339 беренени камтып, анын түзүмүн да жогоруда аталган белгилер түзөт.

Бузуулар жөнүндөгү кодекстин бөлүмдөрүн Бузуулар жөнүндөгү мыйзамдар (Кыргыз Республикасынын Конституциясы, Кыргыз Республикасынын Административдик иштин негиздери жана административдик жол-жоболор жөнүндө мыйзамы, Кыргыз Республикасынын административдик-процесстик кодекси, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдагы №110 токтому (административдик иштерди жүргүзүү, аларды каттоо жана административдик актыларды эсепке алуу журналын толтуруу жөнүндө типтүү жобо, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттигинин 2018-жыл 17-октябрь №01-18/126-буйругу менен бекитилген Жобо) жана башка керектүү актылар түзөт. Мында эң негизинен жогорудагы укуктук-ченемдик актылар Бузуулар жөнүндөгү кодекстин турмушта ишке ашыруу тартиптерин жолго салып турууга милдеттендирилген.

Бузуулар жөнүндө кодексинин бузуулар бөлүгүндө, түздөн-түз ушул кодексте каралган бузуулар болуп, ал Кыргыз Республикасындагы ушул мыйзамда каралган бардык чөйрөсүн өзүнө камтыйт. Мыйзамда белгилегендей бузуунун субъектилери болуп, жеке жактар жана юридикалык жактар эсептелинет. Ал эми жаза чаранын түрлөрү эскертүү жана айып пул болуп, айып пулдун бузуунун маанисине жараша 8 категориясы белгиленген. Ал жеке жактар үчүн 1000 сомдон башталып, максимум 1750 сомго чейин, ал эми юридикалык жактар 5000 сомдон башталып, максимум 55 000 сомду камтыган мейкиндикти ээлейт.

Бузуунун кошумча укуктук кесепеттери болуп, ушул мыйзамда белгиленген. Бузуунун кошумча укуктук кесепеттери түшүнүгү, анын түрлөрү жана колдонуу шарттары:

1. Бузуунун кошумча укуктук кесепеттери болуп, төмөнкүлөр саналат: жаңы бузууларды жасоону болтурбоого, же айып пулду төлөөнү камсыз кылууга багытталган мажбурлоо чаралары.

2. Бузуунун кошумча укуктук кесепеттери болуп төмөнкүлөр саналат: туум; мүлктү алып коюу; транспорт каражаттарын мажбурлап эвакуациялоо жана дөңгөлөктөрдүн блокираторлорун колдонуу [3].

Ушул кодекстин өзгөчө бөлүгүндөгү главалар, «Жарандардын шайлоо укуктарын ишке ашыруу, саламаттык сактоо, эмгек, адеп-ахлак, маданий мурас жана айлананы жашылдандыруу аны абатташтырууну (телегейи текшиликти) түзүү, чөйрөсүндөгү башкаруу тартибине каршы бузуулар»; «Коомдук тартипти, коомдук коопсуздукту, өндүрүштүн жана курулуштун коопсуздугун, транспорттун коопсуздугун камсыз кылуу чөйрөсүндөгү башкаруу тартибине каршы бузуулар»; «Экологиялык, санитардык-эпидемиологиялык, радиациялык коопсуздукту камсыз кылуу жана айлана-чөйрөнү коргоо чөйрөсүндөгү башкаруу тартибине каршы бузуулар»; «Менчикти коргоо, чарбалык жана каржылык иштерди жүзөгө ашыруу чөйрөсүндөгү башкаруу тартибине каршы бузуулар» «Маалымат чөйрөсүндөгү, гидрометеорологиялык иш чөйрөсүндөгү, аскер коопсуздугун, мамлекеттик чек ара коопсуздугун камсыз кылуу, ачык элдик кызматтардын ишин камсыз кылуу, акыйкат сотту ишке ашыруу чөйрөсүндөгү башкаруу тартибине каршы бузуулар» «Сот адилеттигин жүзөгө ашыруу тартибине каршы бузууларды атоого болот.

Кодекстин процесстик бөлүгү 2 бөлүмдөн туруп, 7 главаны өзүнө камтыйт. Бузуулар жөнүндө иштер боюнча өндүрүштү жүргүзүүнүн тартиби ушул мыйзамда көрсөтүлгөн 299-беренеге ылайык жүргүзүлүп, мында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн атайын Типтүү Жобосунун [4] негизинде 2-главадагы 1- параграфка ылайык арыздарды кабыл алуу менен башталып жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттиктин №01-18/126 буйругу менен бекитилген Типтүү Жобого ылайык Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бузуулар жөнүндө иштерди кароо комиссиялары түзүлүп Комиссия так санда, 5-11 адамдан түзүлүп өз иштерин башташат жана алар Бузуулар жөнүндө Кодексинде каралган беренелердин негизинде иш жүргүзөт. Мамлекеттик агенттикин Жобосуна ылайык Комиссия жыл сайын 15-январдан кеч эмес өткөн жылда аткарган иштери боюнча жергиликтүү кеңештин депутаттарына отчет берүүгө тийиш.

Административдик жол жоболорду жүзөгө ашыруу өз ара байланышкан үч баскычтардан турат, жол

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



жобону козгоодон, кароодон жана аяктоодон турат [5]. Мындай караганда Бузуулар жөнүндө кодекси өз ишмердүүлүгү үчүн бардык укуктук-ченемдик актылар түзүлүп таза кандуу иш алып барууга даяр көрүнөт. Кодекстин иш алып баруу көйгөйү ушул жерден башталат, анткени атайын Жободо белгиленгендей Комиссиянын төрагасы комиссиянын мүчөлөрүнүн ичинен, ал эми Комиссиянын катчысы мэриянын (айыл өкмөттүн) муниципалдык кызматчысы болгон комиссиянын мүчөлөрүнүн ичинен дайындалат [6]. Менин сунушум, ушул агенттиктин Жобосунун 10-пунктуна Комиссиянын төрагасы мэриянын (айыл өкмөттүн) муниципалдык кызматкерлердин ичинен деп белгиленсе жана алардын иши туруктуу болуп, кызмат акысы жергиликтүү органдардын эсебинен, же Комиссиянын иш аракетинен түшкөн каражаттын эсебинен кошумча, төлөнсө. Себеби Комиссиянын төрагасынан башка укуктук-ченемдик актыларда белгиленген мамлекеттик башка органдар да өз ишмердүүлүгүндө Комиссиянын ишине баа берүүгө мүмкүнчүлүк алышат. Ошону менен катар Комиссиянын калган мүчөлөрүнө да Комиссиянын өндүрүшүндө каралган өндүрүлгөн айып пулдардын пайызы белгиленип кызмат акылары аныкталса, бул Комиссиянын ишине болгон жоопкерчиликти күчөтөт. Комиссиянын иши туруктуу болуп анын катчысы болсо Комиссиянын мүчөлөрүнүн ичинен тандалып сөзсүз эле түрдө мэриянын (айыл өкмөттүн) муниципалдык кызматкерлердин ичинен эмес ошол аймакта жашаган жарандык коомдун жана жергиликтүү жамаатын өкүлдөрүнөн ичинен дайындалса боло берет.

Мен бул макаланы даярдоодо кафедранын мүчөлөрү менен азыркы мезгилде Бузуулар жөнүндө кодексинин жер жерлерде ишке ашырууда мэрияларда, айыл өкмөттөрдө кандайча иш алып бара жаткандыктарын билүү максатында мониторинг өткөрдүк. Натыйжада Ушул мезгиле чейин кодекстеги иштерди кароо боюнча Комиссиялар дагы эле болсо жер жерлерде түзүлгөн эмес. Ош шаарындагы Комиссияга 10-ноябрга чейин үч гана арыз келип түшкөн, анын да бирөөсү арызын кайра кайтарып алган. Өзгөн районун караштуу Жазы, Кызыл Октябрь, Кароол, Кара- суу районундагы, Шарк айыл өкмөттөрүндө Комиссиянын иштери формалдуу жүргүзүлүп жатат деген маалыматтар бар жана бир да бузуулар боюнча иш каралган эмес. Бир гана Кара-суу районундагы, Савай, айыл өкмөтүндөгү Комиссиянын курамына, жергиликтүү ички иштер бөлү-мүнүн башчысы мүчө болуп кирген. Ушул мезгилге чейин бул айыл өкмөттө 30 жакын бузуулар жөнүндө иштер каралган.

Мына ушул жерден мамлекеттик агенттиктин атайын Жобосунун 20 пунктунда, эгерде Комиссиянын жалпы мүчөлөрүнүн үчтөн экиси катышса, Комиссиянын отуруму укуктуу болот. Эгерде Комиссиянын жалпы мүчөлөрүнүн жарымынан көбү добуш берсе чечим кабыл алынды деп эсептелинет деп жазылган, менин сунушум, ошол үчтөн экиси катышкан чогулушка катышкандардын жарымынан көбү добуш берсе чечим кабыл алынат деп такталса.

Мындан сырткары биз билгендей Бузуулар жөнүндө Кодекси кабыл алганга чейин Кыргыз Республикасынын Административдик иштин негиздери жана административдик жол-жоболор жөнүндө мыйзамы кабыл алынган. Бул мыйзамдын 2-беренесинин 4-пунктунда бир канча аткаруу бийлик тармактарга мыйзамдын колдонушун чектеп, бул айрыкча Өкмөттүн облустардагы ыйгарым укуктуу администрациясынын ишмердүүлүктөрүн чектеген.

Менин оюмча, Мамлекеттик агенттиктин Жобосунун 3-бөлүмүндөгү Комиссиянын ишинин тартибине 25-пунктуна кошумча, Бузуулар жөнүндөгү каралган иштер, Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын Уставдарындагы белгиленген жаза чараларды колдонбойт деген өзгөртүү киргизилсе. Анткени биздин ушул тармактагы мониторинг жүргүзгөндөгү маалыматтар ушундай көрүнүштөрдүн болуп жаткандыгын тастыктайт. Мисалы, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында. Бузуулар жөнүндөгү кодексти ишке ашырганга чейин эле укук бузуулар боюнча (бул комиссия жергиликтүү жамаатын Уставдарына жараша) административдик комиссия түзүлүп өз ишин баштаганы белгилүү. Жергиликтүү жамаатардын уставдарындагы укук бузуулар катталганда, менин оюмча, жаза чараларды колдонуу Бузуулар жөнүндө кодексте каралгандай беренелерге таянса, бул көрүнүш мыйзамдуулук принциптерине шайкеш келет.

Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндөгү кодекси аткаруу бийлик органдарындагы тармактык башкаруу чөйрөсүндөгү да бузуулар үчүн жоопкерчиликти аныктайт. Ушул багыттагы менин изилдөөм көрсөткөндөй айрыкча Ош шаарындагы тармактык башкаруу болгон, шаардык суу чарбасы, шаарды жашылдандыруу чарбасы, санитардык-эпидемиологиялык жана билим берүү тармактарындагы бузуу жасагандарды демилгелеп, өз убагында мэриядагы Комиссияга кайрылган жарандар же юридикалык жактар жок. Акыркы мезгилде шаарыбыздагы ар кайсыл аялдамалар, Кара-суу көчөсүнүн (борбордук базар тарабы) кадимки эле кичи соода борборуна айланышы, (анткени ИИМдин кызматкерлери мындай көрүнүшкө кийлигише албайт) баш аламандыкты жаратып

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



келет, Борбордук базардын администрациясына ушул жүйөөнү билдирген жеке жана юридикалык жактардын бузуу жагдайын көрсөткөн маалыматты камтыган билдирүүлөрүн жоктугуна шылтоолойт. Ошондуктан менин оюмча, Бузуулар жөнүндөгү кодексине ылайык Бишкек жана Ош шаарларынын өз алдынча башкаруу мыйзамдарына кошумча беренелерди кошуп, жогорудагы тармактык аткаруу бийлик органдарынын жоопкерчилигин милдеттендирүү керек.

**Адабияттар:**


1. Кыргыз Республикасынын “Бузуулар жөнүндө” кодекси 10.04. 2017. №58.
2. Кыргыз Республикасынын “Жазык” кодекси 02.02.2017. №19., Кыргыз Республикасынын “Жоруктар жөнүндө” кодекси 01.02.2017-ж. № 18. кодекси.
3. Кыргыз Республикасынын “Бузуулар жөнүндө” кодекси 10.04. 2017-ж. №28-беренеси.
4. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-ж. 26-февраль №110 токтому.
5. Кыргыз Республикасынын Административдик иштин негиздери жана административдик жол-жоболор жөнүндө мыйзамы 31.07.2015. 17-берене.
6. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттиктин 2018. 17.10. №01-08.